“БЕКИТИЛДИ”
Ак-Дөбө айылдык кенешинин
2022-жылдын 03- майындагы
№ 29 токтому менен
тиркеме

## Ак-Дөбө айыл аймагында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө бекитилген ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4. Маркумду экерүү ырым-жырымдарды өткөрүүнүн тартиби
5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду экерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары
6. Жергиликтүү комиссия
7. Жобонун талаптарын бузган үчүн жоопкерчилик

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо “Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты айыл аймагынын айылдарында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду экерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого өзүн көрсөтүүгө умтулууга башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-саанасын, үрп-адаттын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жарымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

### 2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Ак-Дөбө айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2. Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобунун тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү сайттарына жайгаштырылат. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып, жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте сайттарына жарыяланат.

2.4. Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

### 3. Үй – бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

3.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга үйлөнүү үлпөттөрү, кыз узатуу тойлору, бешик тоюу, тушоо кесүү тоюу, балдарды сүннөткө отургузуу, нике тоюу, куда тосуу, туулгандыгы боюнча